# БҮБҮСАРА БЕЙШЕНАЛИЕВА АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК МАДАНИЯТ ЖАНА ИСКУССТВО УНИВЕРСИТЕТИ

## Окумуштуулар Кеңешинин жыйынынын №7 протоколу

**Бишкек шаары** **2023-жылдын 29-июну**

**Катышкандар: Окумуштуулар Кеңешинин — 28 мүчөсүнөн, 21и катышты.**
**Төрага: ректор, филология илимдеринин кандидаты, доцент Т.Р. Колдошов**
**Катчы: Ч.К. Жумалиева**

Колдошов Т.Р. — Саламатсыздарбы урматтуу кесиптештер! Окумуштуулар Кеңешинин курамынын 28 мүчөсүнөн 21и катышты, Интина С.К. кызматынан бошотулган, Бугучиев Т.Н., кызматынан бошотулган, Г.Алымкулова декреттик өргүүдө, Жеңишбек кызы А. каникулда, Урмамбетов Д.Ү. ооруканада, Корпобаева М.К. жана Турумбаева Ч.М. кандидаттык ишти коргоодо КР УАКсында. Кворум бар, кимде кандай сунуш бар. Баштай берели деген сунуш түштү (келүү барагы тиркелет).

**«Макул» — 21.**
**«Каршы» — жок.**
**«Калыс» — жок.**

**Колдошов Т.Р. — Күн тартибинде 3 маселе бар, алар (күн тартиби тиркелет):**

**1. Университеттин 2022-2023-окуу жылдарында күндүзгү жана сырттан окуу бөлүмдөрүнүн бүтүрүүчүлөрүнүн мамлекеттик экзамендеринин жыйынтыктары жөнүндө отчетун угуу жана чечим кабыл алуу.** (Окуу иштери боюнча проректору, күндүзгү жана сырттан окуу бөлүмдөрүнүн факультеттеринин декандары).
**2. КММИУнун ректорунун алты айлык отчету.** (Ректор)
**3. Ар түрдүү маселелер.**

Күн тартиби менен бирге Регламентти биринчи суроого - 20 мүнөт, экинчи суроого — 20 мүнөт, үчүнчү суроого 3-5 мүнөт жана жарыш сөзду 3-5 мүнөт деп бекитип алсак туура болот деп ойлоп турам, кандай сунуш бар?

**«Макул» — 21.**
**«Каршы» — жок.**
**«Калыс» — жок.**

**Окумуштуулар Кеңеши өз ишин күн тартибин жана регламентти бекитүү менен баштады. (Бир добуштан бекитилди).**

**Колдошов Т.Р.** — Күн тартибинин биринчи суроосуна өтөлү.

1. **Угушту:** Университеттин 2022-2023-окуу жылдарында күндүзгү жана сырттан окуу бөлүмдөрүнүн бүтүрүүчүлөрүнүн мамлекеттик экзамендеринин жыйынтыктары жөнүндө отчетун угуу жана чечим кабыл алуу. Окуу иштери боюнча проректор К.К. Тулобердиев сүйлөдү (Отчету тиркелет).

**Колдошов Т.Р.** — Рахмат, Калыбек Кемелович! Суроолор болсо берсеңиздер.

Джакыпов К.К. — 3-5тен студент четтетилди деп жатасыз, себебин аныктадыңыздарбы? Башында жалпы канча бала тапшырган?

Тулобердиев К.К. — Бюджет аз болгон, 8 бала тапшырган, ошонун ичинен 3-4 калды. Себеби адистиктерди туура эмес тандап алгандан, андан сырткары кээ бириники үй-бүлөлүк шартына байланыштуу болуп калат.

Колдошов Т.Р. — Комплексттик экзаменге эмне себептен 48 студент келбей калышты? Андан сырткары алардын ичинен канчасы күндүзгү бөлүмдө, канчасы сырттан окуу бөлүмүндө?

Тулобердиев К.К. — Көбү себептүү, калгандары окуудан четтетилүүчү студенттер.

Колдошов Т.Р. — Сырттан окуу бөлүмүндө сабака келбей эле сессиясын бүтүрүп жүргөн балдар барбы?

Тулобердиев К.К. — Андай балдар жок, бардыгы көзөмөлгө алынган.

Колдошов Т.Р. — Коррупцияны демонтаждоо тууралуу кошумча иш аракеттер жүргүзүлүп жатат. Суроо жок болсо. Жарыш сөзгө ким чыгат, толуктайт.

Көчөрбаев С.Б. — Калыбек Кемелович отчетто так бардыгын берди. Ал эми Кубат Куланчиевич берген суроо өтө актуалдуу. Бул маселе контракттан дагы келип чыгат, төлөй албай калышат. Ал эми кээ бир учурда иштешибиз керек деген суроолор жаралат. Студенттерге чара көрүш керек деген оюм бар.

Колдошов Т.Р. — Рахмат! Башка кошумча сөз жок болсо отчетту кабыл алганга добуш берип койсоңуздар.

«Макул» — 21.
«Каршы» — жок.
«Калыс» — жок.

Колдошов Т.Р. — Рахмат! Күн тартибинин экинчи суроосуна өтөлү.

2. Угушту: КММИУнун ректорунун алты айлык отчету. Университеттин ректору Т.Р. Колдошов сүйлөдү (Отчету тиркелет).

Колдошов Т.Р. — Отчетто бир белгилей кетчү нерсе, бул «Театр» факультетинин «Режиссура жана актердук чеберчилик» кафедрасынын улук окутуучусу, мурунку кафедра башчысы Ж.И. Искендерова тууралуу айттым, ал өзүнө жүктөлгөн милдеттерге көңүл кош мамиле жасап, өз билемдиги менен иштерди кылып келген. Бул тууралуу чечим чыгарууну туура көрдүм. Ага ылайык «Театр» факультетинин «Режиссура жана актердук чеберчилик» кафедрасынын улук окутуучусу, мурунку кафедра башчысы Ж.И. Искендеровага өзүнө жүктөлгөн милдеттерге көңүл кош мамиле жасап, өз билемдиги менен аракеттенгендиги үчүн сөгүш жарыялансын. Добуш берип койсоңуздар.
«Макул» — 21.
«Каршы» — жок.
«Калыс» — жок.

Колдошов Т.Р. — Көңүл бургандарыңыздарга рахмат! Суроолор болсо берсеңиздер.

Абдыкадырова А.А. — Кызматкерлерди дароо эле штатка аласыздарбы?

Колдошов Т.Р. — Кесиби туура келсе, келишим менен алабыз. Бирок биринчи кезек ички резерв кетет, андан кийин гана сырттан келгендер. Жарыш сөзгө чыкчулар барбы?

Кулмамбетов Ж. — Бүгүнкү отчет тарыхый отчет болду. Түмөнбай Рахмановичти мен сунуш кылдым эле. Бул киши Ош мамлекеттик университетте 7 жыл проректор болуп эмгектенген. Биздин университеттин келечеги Түмөнбай Рахмановичтин иш-максаттары аркылуу ишке ашат деген ойдомун.

Джолдошбекова С.А. — Ректорубуз жаш болсо дагы, инновациялык максаттары менен ишибизди алдыга жылдырат деген ойдомун. Ынтымакта иштеп, иштерибиз алдыга жылсын.

Иманкулова Н.С. — В начале мы к Вам присматривались, Вы к нам присматривались, у Вас есть деловая хватка, это необходимая вешь. Желаю Вам успехов.

Нурматов К.Н. — Сизге ийгилик каалаймын!

Абдыкадырова А.А. — Киностудиядагы корпустун жылытуу системасы тууралуу суроону чечип берсеңиз жакшы болот эле.

Колдошов Т.Р. — Келе жаткан окуу жылга бул маселени чечип беремин.

Тулобердиев К.К. — Урматтуу кесиптештер 6 айлык отчетту уктуңуздар, Түмөнбай Рахмановичтин иши ийгиликтүү болсун, ынтымакта иштейбиз деген ойдомун. Жаңы корпус маселесин чечкенге чоң аракет көрүп жатат, ошол ишибиз ишке ашышына аракет кылабыз. Көйгөйлүү нерсе чечилип жатат десем жаңылышпаймын. Азыркы ректорубуздун 6 айлык отчетун кабыл алганга добуш берип койсоңуздар.

«Макул» — 21.
«Каршы» — жок.
«Калыс» — жок.

Колдошов Т.Р. — Күн тартибинин үчүнчү суроосуна өтөлү.

3. Ар түрдүү маселелер. Сөздү Кубат Куланчиевичке берейин.

Джакыпов К.К. — Кабыл алуу комиссиясында жат жазуу экзаменин тесттик түргө өткөрдүк. Ушуну бекитип берип койсоңуздар.

Колдошов Т.Р. — Кабыл алуу комиссиясынын жат жазуу экзаменин тесттик түргө өткөрүүнү бекиткенге добуш берип койсоңуздар.
«Макул» — 21
«Каршы» — жок.
«Калыс» — жок.

Колдошов Т.Р. — Каралган маселелер боюнча чечимдер менен тааныштырууга уруксат берсеңиздер.

1. Университеттин күндүзгү жана сырттан окуу бөлүмдөрүнүн студенттери үчүн мамлекеттик предметтер аралык комплекстик экзамен 2023-2024-окуу жылынан баштап компьютер аркылуу тапшырылсын.
2. Университеттин күндүзгү жана сырттан окуу бөлүмдөрүнүн студенттери үчүн 2023-2024-окуу жылынан баштап анкетирлөө өткөрүлсүн.
3. Университеттин окуу пландары 2023-2024-окуу жылынан баштап мамлекеттик стандартка тууралансын.

Аткаруучу: Окуу иштери боюнча проректор.

4. Б.Бейшеналиева атындагы КММИУнун Окумуштуулар Кеңешинин чечими менен «Театр» факультетинин «Режиссура жана актердук чеберчилик» кафедрасынын улук окутуучусу, мурунку кафедра башчысы Ж.И. Искендеровага өзүнө жүктөлгөн милдеттерге көңүл кош мамиле жасап, өз билемдиги менен аракеттенгендиги үчүн сөгүш жарыялансын.

Негизи: Ректордун отчету жана Окумуштуулар кеңешинин протоколу.

Аткаруучу: Кадрлар бөлүмүнүн башчысы.

5. Б.Бейшеналиева атындагы КММИУнун Окумуштуулар Кеңешинин чечими менен университеттин 2023-2024-окуу жылына карата кабыл алуу сынактарында буга чейин колдонулуп келген кыргыз жана орус тилинен жат жазуу сынагы бланкалык тестирлөө сынагына алмаштырылсын.

Негизи: Илимий иштер жана мамлекеттик тил боюнча проректордун билдирүүсү.

Аткаруучу: Илимий иштер жана мамлекеттик тил боюнча проректор.

Добуш берип койсоңуздар.
«Макул» — 21
«Каршы» — жок.
«Калыс» — жок.

Колдошов Т.Р. — Урматтуу кесиптештер, ушуну менен бүгүнкү Окумуштуулар Кеңешин жыйынтыктадык, сиздерге ийгилик каалаймын!

Окумуштуулар Кеңешинин төрагасы,
ректор, филология илимдеринин
кандидаты, доцент — Т.Р. Колдошов

Окумуштуулар кеңешинин катчысы — Ч.К. Жумалиева